КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
ТОГУЗ-ТОРО АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ТОГУЗ-ТОРОУСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Тогуз -Торо айылдык Кенешинин (XXII шайланышынын ) кезектеги чакырылган

XII сессиясынын

Т О К Т О М У №2

12-январь 2023-жыл Казарман айылы

Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө

Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2023– жылга киреше жана чыгаша бөлүктөрү "Кыргыз Республикасынын 2023–жылга республикалык бюджети" жөнүндөгү. "Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодекси" жөнүндөгү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан бекитилген Салык Кодекси жөнүндөгү мыйзамдарынын талаптарына ылайык түзүлүп, айылдык Кенештин "Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарба, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш" боюнча туруктуу комиссиясында каралды.

Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн финансы – экономика бөлүмүнүн башчысы Д.Жунусованын билдирүүсүн угуп, жана талкуулап чыгып, Тогуз-Торо айылдык Кенешинин ( XXIIшайланышынын) кезектеги XII сессиясы

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1.Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджети кирешелер боюна 21198,9 мин сом суммасында жана чыгашалар боюнча 21198,9 мин сом суммасында №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-2025-жылдарга консолидацияланган бюджетинин болжолу №2 тиркемеге ылайык жактырылсын.

3.2024-2025-жылдарга жергиликтүү бюджетинин негизи көрсөткүчтөрүнүн болжолу жактырылсын:

2024-жылга 22379,9 мин сом суммасында

2025-жылга 22734,7 мин сом суммасында.

4. Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү №3 тиркемеге ылайык салык жана салык эмес төлөмдөрү , трансферттер жана башка кирешелер боюнча түшүүлөрдүн эсебинен түзүлсүн.

5.Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин чыгашаларын каржылоого каражаттары тармактар жана мекемелер боюнча ведомстволук жана экономикалык классификацияларга ылайык № 4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтуу бюджеттин ичинен 300,0 миң сом суммасында резервдик фонд болуп бекитилсин.

7.Чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер(эмгек акы, соц фонддуна чегерүүлөр, тамактануу) жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча (электроэнергия, көмүр,т елефон байланышы ж.б) жүргүзүлсүн.

8.Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен бекитилген электроэнергия боюнча лимиттин негизинде сарамжалдуу пайдалануу,ар ай сайын тиешелүү мекемелер менен эсептешүү иштери камсыз кылынсын.

9.Бул токтомдун аткарылышын жана чыгымдалуучу акча каражаттарды көзөмөлгө алуу айылдык Кенештин “Бюджет,экономика,муниципалдык менчик,айыл чарба,инвестиция,ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Тилемамбетовго жана айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Д.Жунусовага тапшырылсын.

10. Токтомду каттоодон өткөрүү жана Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн http://toguz-toro-ao.org.kg расмий веб-сайтына жарыялоо жагы жооптуу катчы З.Акуновага тапгшырылсын.

Тогуз-Торо айылдык Кенешинин төрагасы У.Токтожумаев